Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмү

# №8 жалпы билим берүү орто мектебинин 2018-2024-жылдарга карата стратегиялык өнүктүрүү планы

## 1. КИРИШҮҮ

Бул Өнүктүрүү планы №8 жалпы билим берүү орто мектебинин узак мөөнөткө өнүктүрүү стратегиясын аныктайт. 2018-2024-ж.ж.

Өнүгүү планы билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясын, билим берүү процессинин максаттарын жана милдеттерин аныктаган, мындан аркы өнүгүүнүн келечектүү жолдорун, бул жолдо келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдү жана аларды жоюуну болжолдоочу, стратегиялык пландоону башкаруу документи болуп саналат. Билим берүү мекемеси катары мектептин өзгөчөлүктөрү.

Билим берүү саясатынын программалык артыкчылыктары:

- ❖ билим берүүнү гумандаштыруу принциптери;
- ❖ мамлекеттик жана коомдук уюмдардын, илимий, маданий, билим берүү мекемелеринин жогорку билимдүү, жогорку уюшкан жана дени сак өсүп келе жаткан муунга болгон муктаждыктарын;
- ❖ калктын ар түрдүү социалдык топторунун үмүттөрүн орундатуу;
- ❖ окуучулардын жетишкендиктеринин өсүшүнө дем берүүчү шарттарды түзүү.

**Өнүктүрүү планында төмөнкүлөрдү чечүүнүн зарылчылыгы эске алынат:**

- ➢ билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, окутуунун жана тамактандыруунун жаңы ыкмаларын киргизүү, билим берүүнүн мазмунун жаңылоо;
- ➢ бардык деңгээлдердеги жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын киргизүү;
- ➢ кесиптик стандартка ылайык педагогикалык кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу;
- ➢ мамлекеттик жана коомдук башкаруунун принциптеринде мектепте башкаруу процесстерин куруу.

Өнүгүү планын иштеп чыгуу мектептин болгон шарттарын жана ресурстарын талдоону алуу менен ишке ашырылган. Бул программаны даярдоодо мектеп тарабынан ишке ашырылып жаткан билим берүү программасынын негизги жоболору да эске алынган. Өнүгүү планынын пландаштырылган долбоорлорун ишке ашыруу окуучулардын ден соолугун сактоонун жана алардын жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптан өнүктүрүүнү эске алуу менен ишке ашырылат. Бул мезгил билим берүүнүн бардык баскычтарында окуучуларга билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине жетишүү үчүн аныкталат.

## 2. МЕКТЕПКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

- **Юридикалык фирмалык жактын аталышы:**
  “ Майлуу- Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби” мекемеси
- **Менчиктин түрү:** мамлекеттик
- Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо күбөлүктүн номуру: 90787-3303-М-е, ИУЖК коду 20105190, серия ГПЮ № 0018613 (күбөлүктүн көчүрмөсү тиркелет).
- **ИНН:** 03007200210147
- **Жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Жалал- Абад областы, Майлуу-Суу шаары, К.Саматов көчөсү н/ж.
- **Объектинин профили:** билим берүү мекемеси
- **Мектептин электрондук дареги:** 8ortomektep@mail.ru
- **Мектептин сайты:** ms8.mektebim.kg
- **1987-жылы орто мектеп болуп ачылган.**
- **Объектинин иштөө режими:** аптада 5 күн (дүйшөмбү-жума) саат $8^{00}$-$18^{30}$ чейин.
- **Объектинин жайгашкан орду жөнүндө мүнөздөмө:**
  - Мектеп шаардын борборунан 1 км. алыстыкта жайгашкан.
  - Дениз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан.
  - Мектеп шаардын борборунда жайгашкан.
  - Мектептин айланасы тосулган.
  - Мектепке кирүү жана чыгуу запастык эшиктери бар.

**Имараттын мүнөздөмөсү:**

**Имараттардын жалпы аянты:** 4121,7 $м^2$

- Мектеп типтүү, бир окуу корпусунан турат.
- Окуу корпусу 1987-жылы курулган. Фундаменти бетон, дубалдары кирпич, чатырынын конструкциясы жыгач, шифер менен жабылган. Мектеп борбордук жылытуу системасы менен жылытылат.
- Мектептин жалпы сыйымдуулугу 624 окуучуга ылайыкталган.

## 3. МЕКТЕПТИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ, АЙЫРМАЛООЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Мектептин максаты:** Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу багыттарын изилдөө, билим сапатын жогорулатуу, адептүү жана ыймандуу болууга тарбиялоо.

**Мектептин миссиясы:** "№8 жалпы билим берүү орто мектеби жалпы орто билим берүү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы орто билимди терендетип берүүгө багытталат. Ата- энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо. Алган билимдерин турмушта, жашоодо туура пайдалана билүүгө үйрөтүү. "

**Мектептин милдеттери:**

- Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү.
- Заманбап билим берүү саясатынын негизинде, билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун жаңылоо.
- Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ой- чабыттарын өстүрүүдө инновациялык усулдарды колдонуу.
- Өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштешүү системасын түзүү.
- Комплекстүү психологиялык-педагогикалык, социалдык-медициналык кам көрүүнү уюштуруу.
- Билимдин сапаттуулугун жөнгө салуучу мектеп ичиндеги системаны толуктоо жана тактоо.
- Билим берүү процессинин бардык тармактарында информациялык-коммуникативдик технологияларды колдонуу.

Мектептин стратегиялык өнүгүү планын иш жүзүнө ашыруу аркылуу окуучулардын билимин өнүктүрүү, мектеп мугалимдери мектеп окуучуларына сапаттуу билим берүү үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Өзүн-өзү өркүндөтүүдө мектептин миссиясы төмөнкүлөргө байланыштуу:

**Окуучулар:**
Өзүн өзү аныктай алган билимдүү руханий-адептик чыгармачыл инсанды калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү: дайыма өзгөрүп туруучу комплексте өз ордун табуу, өзүнүн интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ишке ашыруу, сергек жашоо образын жүргүзүү, сынчыл ой жүгүртүү, кыргыз элинин каада салт, үрп адат, жөрөлгө, нарк насилдерди окуп үйрөнүү, турмушта колдоно билүү.

**Мугалимдер:**
Ар бир мугалимге интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ишмердүүлүк чөйрөсүн камсыз кылуу, үзгүлтүксүз өз алдынча билим алуу, жигердүү билим алуу, ата-эне менен тыгыз байланыш түзүү.

**Ата – энелер:**
Ата-энелерге карата окуучунун инсандык укуктарын коргоону, анын психологиялык жана физикалык коопсуздугун, өспүрүм курагын сактоону кепилдеген шарттарда өз баласына сапаттуу билим берүүгө, бул ага билим берүүнүн андан аркы траекториясын тандоодо атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берет; аларды мектеп менен биргелешкен иш-чараларга тартуу; ата-энелер мектебин ачуу.

**Социалдык коомчулук:**
Учурдагы коомдук тартип: социалдык тарбия берүүнүн жана окуучунун инсандыгын азыктандыруунун маанилүү фактору катары шаардын социалдык чөйрөсүн жакшыртуу.

**4. БАШКАРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

Мектепте билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптери сакталат. Билим берүү процессинин максат жана милдеттери аныкталган, жарандардын жалпы орто билим алуусу камсыздалган. Окутуунун күнүмдүк түрү ишке ашырылат.

- Окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлүп, бир сменада окутулат. Мекемени башкаруу жалпы билим берүүнүн сапаттуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө багытталган, өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Мектепти түздөн-түз башкаруу мектептин директору Алчынбаева Наима Надировна,директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Мамырбаева Алтынбү Калыкеевнва, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу Ирсалиева Жибек Абдимамытовна, мектептин соцпедагогу Калмырзаева Пайзыкан Ырысбаевна тарабынан ишке ашырылат. Бардык кызмат орундары үчүн кызматтык инструкциялар бар, билим берүү процессинин катышуучуларынын укук жана милдеттери бири-бири менен макулдашылган.
- Билим берүүнү башкаруу алкагында мектепте камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, ата-энелер комитети иш алып барат. Көптөгөн маселелер жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушунда, жалпы мектептин ата-энелер комитетинде, директор менен өткөрүлгөн кеңешмелерде, административдик кеңешмелерде ишке ашырылат, каралган маселелерди чечимдер тастыктайт. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн ийгиликтүү социалдашуусун, өзүн-өзү өркүндөтүүсүн шарттоо максатында төмөнкүлөр иш алып барат:
  - Психологиялык кызмат
  - Социалдык кызмат
  - Окуучулардын өз алдынча башкаруусу “Сейтек”, “Семетей”, “Манас”уюмдары
  - ШИИБ
  - Мектептин парламенти, ал өз кезегинде башка министрликтердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт:
    - Билим берүү министрлиги
    - Тазалык министрлиги
    - Маданият министрлиги
    - Ден- соолук жана спорт министрлиги

Мектептин алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн, жеке эле ички ресурстар эмес, шаардын билим берүү процессине таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү колдонулат. Мектеп ШБББү, шаардык китепкана, шаардык балдар чыгармачылык үйү жана шаардык балдардын экология, край таануу, туризм жана техникалык чыгармачылык борбору менен тыгыз иш алып барат.

Мекемеде жалпы билим берүү жана окуучулардын контингентин сактоо тармагындагы КР мыйзамдары сакталат. Жынысы, улуту, тили, жашаган жери, тууган-уругу, динге мамилеси, көз караштары, коомдук уюмдарга кирип-кирбегендиги, жашы, ден-соолугу, социалдык, мүлктүк жана кызматтык абалына карабастан билим алуу мүмкүнчүлүгү камсыздалган. Мектеп тарабынан окуучуларга жалпы билим берүү үчүн акы алынбайт. Бул территорияда жашап жана тиешелүү деңгээлдеги билим алууга укуктуу болгон бардык жарандар мектепке кабыл алынат. Кабыл алуу учурунда администрация милдеттүү түрдө окуучуну жана ата-энесин мектептин Уставы жана жалпы билим берүү процессин уюштуруучу башка документтер менен тааныштырат. 1-класска 6,7 жаштагы балдар кабыл алынат. Мектептен чыгарылган учурлар катталган эмес. Шаарда мектеп жашында болуп, бирок мектепке тартылбаган балдар жана өспүрүмдөр жок. Мектеп кесиптик багытталуу алкагында Кыргызстандын ЖОЖдору, Майлуу-Суу шаардык медколледжи, Майлуу-Суу шаардык кесиптик колледжи, Борбордук Азия колледжи жана №76 кесиптик лицей менен ийгиликтүү иш алып барат.

Азыркы учурда мектеп алдында түзүлгөн кеңеш, бирикмелердин реалдуу башкарууга катышуу үчүн ыйгарым укуктарына көңүл бөлүнүүдө. Алсак;

- педагогикалык кеңеш
- усулдук бирикме
- камкорчулар кеңеши
- билим берүү процессинин катышуучулары арасында тартышууларды чечүүчү этика комиссияны уюштуруу
- профилактика кеңеши
- бирдиктүү маалыматтык базаны түзүү, бул учурда бардык катышуучулар арасында билим берүү мамилелердин жаңы системасына айлантуу
- окуучулардын кызыкчылыгын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү программаларына жана ишмердүүлүктүн формаларына киришүү (социалдык өнөктөштүк проектилери)

**2021-2022- окуу жылына анализдин матрицасы**
**Мектептин проблемаларынын SWOT – анализи**

| **Күчтүү жагы** | **Алсыз жагы** |
|---|---|
| 1. Мугалимдердин потенциалынын компетенттүүлүгү (билими боюнча: 19 мугалимден 16 мугалим жогорку билимдүү);<br>2. Мектепте түзүлгөн шарттардын болушу;<br>3. Эмгек жамааттын ынтымагы;<br>4. Мугалимдердин өз билимдерин онлайн жана оффлайн түрдө өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн болуусу. | 1. Мугалимдердин (өзгөчө жаш мугалимдердин) кесиптик деңгээлинин жетишсиздиги;<br>2. Окуучулардын билим сапатынын төмөндүгү;<br>3. Мектептин заманбап техникалык каражаттарга муктаждыгы;<br>4. Окуучулардын окууга болгон кызыгууларынын жоктугу. |
| **Мүмкүнчүлүкт□р** | **Коркунучтар** |
| 1. Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга;<br>2. Окутуунун жаны технологияларын колдонууга;<br>3. Ар кандай долбоорлордун үстүндө иштөө, инвестицияларды тартууга;<br>4. Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга;<br>5. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо | 1. Окуучулардын санынын азайышы.<br>2. Жакшы окуган окуучулардын орус тилдүү мектептерге кетип калышы;<br>3. Ички, тышкы миграциянын таасири;<br>4. Окуучулардын кол телефондорду туура багытта пайдаланбашы. |

БЕКИТЕМИН
№ 8 жалпы билим берүү орто
мектебинин директору
Мамырбаева А.К.
" 1 " сентябрь 2018-ж.

**Майлуу- Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинин 2018-2024- жылдардагы стратегиялык өнүгүү программасы**

| № | Өнүгүүнүн багыттары | 2018-2019- окуу жылы | 2019-2020- окуу жылы | 2020-2021- окуу жылы | 2021-2022- окуу жылы | 2022-2023- окуу жылы | 2023-2024- окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Билим сапаты%** | 0,5 % | 1% | 1,5% | 2% | 2,5% | 3% |
| 2 | **Интернет менен камсыздоо** | Модем менен иштеп жатабыз | Wi-Fi менен иштөөнү камсыздайбыз | Интернет менен камсыздоо | Интернет менен камсыздоо | Интернет менен камсыздоо | Интернет менен камсыздоо |
| 3 | **Мугалимдердин билимин жогорулатуу курсу** | 3 | 3 | 3 | 3 | 4 | 4 |
| 4 | **Китеп менен камсыздоо** | 85% | 95% | 98% | 100% | 100% | 100% |
| 5 | **Педагогикалык кадрлар** | Педогогикалык кадрлар жетиштүү | Жаш кадрлар менен толуктоо | Жаш кадрлар менен толуктоо | Жаш кадрлар менен толуктоо | 100% камсыздалат | 100% камсыздалат |
| 6 | **Мектептин курулушу** | Бир кабат терезе, эшиктерин жаңылоо | Жарык берүүчү, жылуулук берилүүчү системаларды оңдоп түзөө | Ажатканаларды оңдоп түзөө, кабинеттердин жарык берүүчү системаларын оңдоп түзөө | Мектептин сырткы тосмолорун оңдоп түзөө | Класс кабинеттерди талапка жооп бергидей даярдоо | Мектептин короосундагы курулушту калыбына келтирүү |
| 7 | **Спорт залдын курулуштары** | Спорт эмеректерин толуктоо | Сырткы спорт аянчаларды оңдоп түзөө, толуктоо | Спорт залды оңдоп түзөө | Жарык берүүчү тармактарын оңдоо | Спорт залдын керектүү эмеректерди толуктоо | Спорт залды жылуулоо |
| 8 | **Ашканалардын курулуштары** | Ашканын муздаткычын жаңылоо, крандарын оңдоп түзөө | Ашканага керектүү эмеректерди жаңылоо | Ашкананын тамак-аш сакталуучу жайларын оңдоп түзөө | Ашкананы жылуулоо, жарык берүү системаларын оңдоп түзөө | Ашканага керектүү эмеректерди жаңылоо | Ашкананын окуучулар тамактануучу стол, стулдарын жаңылоо |

**Окуу бөлүм башчысы** **Н.Н.Алчынбаева**